Дыйкандардын ишин жеңилдеткен жаңы технологиялар

Ушул жумада райондо "Талаа Күнүнө" арналган "Кант кызылчасын, жүгөрүнү заманбап тамчылатып сугаруу тутумун колдонуу аркылуу өстүрүү жана түшүмдү жаңыланган „айыл чарба техникасы менен жыйноо процесси" аттуу республикалык семинар болуп өттү.

Семинарга КРнын премьер-министри С.Жээнбеков, вице-премьер-министр М.Абулгазиев, Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министри Т.Бекбоев, Өкмөттүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Б.Кудайбергенов, райондук администрация башчысы - аким К.Кожомкулов, ишкерлер, дыйкандар, Чүй жана Талас облустарынын мамлекеттик органдарынын, айыл чарба кооперативдеринин жана эл аралык уюмдардын, финансылык институттардын өкүлдөрү катышты. Өкмөт башчысы баштаган семинардын катышуучулары кант кызылчасын заманбап тамчылатып сугаруу тутумун колдонуу аркылуу өстүрүү жана түшүмдү айыл чарба техникасы менен жыйноо процесси менен таанышышты.

Дыйкандар заманбап технологияларды колдонуу аркылуу катаал аба-ырайына карабастан, суу ресурстарын үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу менен жогорку жана сапаттуу түшүм алууга жетишүүдө. Жогорку натыйжалуу технологияларды пайдалануу эсебинен өндүрүмдүүлүк жогорулап, жер кыртышына карата аяр мамиле жасалып, экологиялык эрежелер сакталып жаткандыгын, заманбап айыл чарба технологияларын активдүү ишке киргизүү өлкө экономикасындагы негизги багыттардын бири экендигин, буга байланыштуу сапаттуу жана атаандаштыкка туруштук берген айыл чарба продукциясын камсыздоо мүмкүнчүлүгү жаралып, республиканын экспорттук потенциалы кеңейип жаткандыгын өкмөт башчысы өз сөзүндө баса белгиледи.

Семинардын катышуучулары жаңы шарттар менен таанышып, өткөрүлгөн семинарга жогорку баа беришти. Жаңы технологиялардын жардамы менен түйшүктүү иштери бир нече пайызга жеңилдей турганы дыйкандарды кубандырды.

Өз кабарчы.